# КЫРГЫЗ ТИЛИ

*(окутуу орус, өзбек, тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептер үчүн)*

**11____класс** **А** ВАРИАНТЫ

Аты-жөнү _______________________________________________

Мектептин аталышы ________________________________________

Место для штампа

**Тестке баа коюуга предметтик комиссия гана укуктуу.**
**Жыйынтык упай жана баа**:

| 1-бөлүмдүн упайы | 2-бөлүмдүн упайы | 3-бөлүмдүн упайы | Жат жазуунун упайы | Жыйынтык упай | *Баа | Текшерүүчүнүн аты-жөнү / колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | ___________/______ | | |

** баа коюуда упайларды которуунун таблицасын колдонуңуз.*

***Тест 3 бөлүмдөн турат:***

**1-бөлүм.** 60 тесттик тапшырма – 50 мүнөт.
**2-бөлүм.** 3 текстке 20 тесттик тапшырма берилет – 60 мүнөт.
**3-бөлүм.** Тапшырмасы менен жат жазуу – 40 мүнөт.

## 1-БӨЛҮМ. ЛЕКСИКА. ГРАММАТИКА

Тестти аткарууда сөздүк колдонууга болбойт.
Таблицанын сол жагында сүйлөмдөр (1, 2 ж.б.), ал эми оң жагында жооптордун варианттары берилген. Туура жоопту таап, аны тегеректеп белгилеңиз. Эгерде жаңылып, **туура эмес** белгилеп алсаңыз, анда ал вариантты чийип салып, **туура** деп эсептеген жоопту тегеректеп белгилеңиз.

**Упай 0/1**

| | **Кептин түрлөрүн белгилеңиз.** | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Цунами – япон тилинен которгондо – “жээктеги толкун”. Бул кубулуш негизинен жер титирөөдөн улам келип чыгат, бирок бардык эле термелүү чоң толкунду, башкача айтканда, цунамини пайда кылбайт. | А) ой жүгүртүү<br>Б) сүрөттөө<br>В) баяндоо | |
| **2** | Калкты суу менен камсыз кылуу маселеси бүгүнкү күндө глобалдуу маселелердин бири болуп турат. Бул маселе теориялык жактан жана иш жүзүндө анча-мынча чечилгени менен, экономикалык жактан толук чечиле элек. Албетте, биз жакын арада нымдуу абадан суу чогултуп ичпейбиз, бирок ошондой болсо да азыр биз ээ болуп турган сууга сарамжалдуу мамиле кылышыбыз керек. | А) ой жүгүртүү<br>Б) баяндоо<br>В) сүрөттөө | |
| **3** | Жамийла өзү шыңга бойлуураак, белдүү келин. Эки өрүмгө батпай, дүркүрөп өскөн калың чачын кысып туруп, бир байлам ак жоолукту маңдайына кыйгачтатып, шарт буунуп алса, кызыл торусунан келген, балкылдаган төгөрөк жүзүнө ак жоолук эп келише калат. | А) баяндоо<br>Б) сүрөттөө<br>В) ой жүгүртүү | |

**Кептин стилдерин белгилеңиз.**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4** | Сүймөнкул Чокморов кыргыз киносунун эң жарык жанган жылдызы эле. Өз убагында С.Чокморов катышкан тасмалар бүткүл союздук, дүйнөлүк масштабда жогору бааланган. Ошол учурдагы жаш муундар Чокморов ойногон каармандардын эрдигине таасирленбегени дээрлик болбосо керек. | А) публицистикалык стиль<br>Б) илимий стиль<br>В) сүйлөшүү стили<br>Г) көркөм стиль | |
| **5** | Литосфера – Жер кыртышын жана мантиянын жогорку катмарын камтыган Жердин «катуу» сырткы сферасы. | А) сүйлөшүү стили<br>Б) көркөм стиль<br>В) илимий стиль<br>Г) публицистикалык стиль | |
| **6** | Биздин Шекер – эң чоң айыл, үч жүздөн ашык түтүн. Каттаган сайын тигинден-мындан жаңы үйдүн төбөсүн көрүп калам. Айылым өсүп баратат, чоңоюп баратат. Турган орду мал-жанга жайлуу, суу башында. | А) публицистикалык стиль<br>Б) илимий стиль<br>В) сүйлөшүү стили<br>Г) көркөм стиль | |
| | **Иш кагаздарынын түрлөрүн белгилеңиз.** | | |
| **7** | Мен шаардан алыс жашаганыма жана транспорт өз убагында каттабагандыгына байланыштуу, 2023-жылдын 11-апрелинде биринчи сабакка 25 мүнөт кечигип келдим. Мындай көрүнүш мындан ары кайталанбайт деп ишендирем. | А) арыз Б) тил кат<br>В) түшүнүк кат Г) мүнөздөмө | |
| **8** | Ата-энемдин башка кызматка которулгандыгына жана жашаган жерибиздин өзгөргөндүгүнө байланыштуу менин өздүк деломду берүүңүздү суранам. | А) тил кат Б) арыз<br>В) өмүр баян Г) түшүнүк кат | |
| **9** | Урматтуу бүтүрүүчүлөр! Сиздерди бүтүрүү аземине чакырабыз. Салтанаттуу кече кечки саат 17:00дө Опера жана балет театрында болот. | А) кулактандыруу Б) чакыруу<br>В) жарыя Г) билдирме | |
| **10** | Бекбоев Урмат Сапарович ээлеген кызматынан бошотулуп, 2023-жылдын 10-октябрынан штаттык тизимге ылайык айлык акы менен окуу-инспекция бөлүмүнүн башчысы болуп дайындалсын. | А) буйрук Б) токтом<br>В) арыз Г) жарлык | |
| **11** | Мен, Ашырова Кымбат Асековна, 2003-жылдын, 16-октябрында Бишкек шаарында мугалимдин үй-бүлөсүндө төрөлгөм. Азыркы учурда Кусейин Карасаев атындагы жогорку окуу жайында окуп жатам. | А) тил кат Б) таржымал<br>В) өмүр баян Г) түшүнүк кат | |
| **12** | тү...кү, ише...би, жамгыр...уу | А) ң, н, д Б) н, м, д<br>В) ң, м, л Г) н, м, л | |
| **13** | Кайсы катарда сөздөрдө й тыбышы туура жазылган? | А) айю, сойул Б) майор, йод<br>В) кийин, тойун Г) тайене, айанчаак | |
| **14** | Уңгуга мүчөлөрдү ирети менен туура улаңыз.<br>Факт..., гүлү..., Минск..., жүрөк... | А) -ка/ -нөн/ -иге/ - суз<br>Б) -ыга/ -дөн/ - ке/ - сүз<br>В) -ыга/ -нөн/ -иге/ -сүз<br>Г) -ка/ -нон/ -ке/ - сүз | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **15** | Белгиленген сөздөрдүн синонимин табыңыз.<br>Мелүүн шамал согуп, көк тиреген тоолор, коюу токойлор айлананы бир башкача көркко бөлөп турду. | А) салкын /асман / калың / чөйрөнү<br>Б) муздак /булут / кооз / теребелди<br>В) жылуу /ай / чытырман / чар тарапты<br>Г) ысык /жылдыз / бийик / туш тарапты | |
| **16** | Берилген сөздөрдүн антонимин табыңыз.<br>Улуттук китепкана заңгыраган имарат. Ичи кенен, окуу залы жарык жана таза. | А) бийик / кууш / күңүрт / кир<br>Б) кичинекей / узун / булганыч<br>В) жапыз / тар / караңгы / кир<br>Г) чакан / тар / караңгы / ирээтсиз | |
| **17** | Диалект сөздөрдү адабий нормадагы сөздөр менен алмаштырыңыз.<br>Апам сатып алган тукум менен оокат жасады. | А) ун / буламык<br>Б) жумуртка / тамак<br>В) сүт / куймак<br>Г) жумуртка / торт | |
| **18** | Архаизмдерди неологизм менен алмаштырыңыз.<br>“От араба, дилгирем,<br>Жол кыскарат ошондо”, – деп Калыгул Бай уулу айтып кеткен. | А) машина / телефон<br>Б) автобус / радио<br>В) поезд / телеграмма<br>Г) троллейбус / газета-журнал | |
| **19** | Неологизм сөздүн маанисин туура белгилеңиз.<br>Студенттерди колдоо максатында демөөрчүлөр иш-чараларды өткөрүштү. | А) спонсорлор Б) бизнесмендер<br>В) психологдор Г) администрация | |
| **20** | Туура чечмеленген кыскартылган сөздү белгилеңиз.<br>БУУнун мүчөлөрү маанилүү маселелердин чечүү жолдорун көрсөтүп беришти. | А) Бишкек Улуттук Университети<br>Б) Британия Улуттук Уюму<br>В) Борбордук Унаалар Уюму<br>Г) Бириккен Улуттар Уюму | |
| **21** | Фразеологизмдердин маанисин белгилеңиз.<br>Үрүп чыгар ити жок. | А) сараң<br>Б) кедей<br>В) ити жок киши<br>Г) итти жаман көргөн киши | |
| **Сүйлөмдөрдү толуктагыла.** | | | |
| **22** | Былтыр жаз айы жаанчыл болду.<br>Күндүн _____ көрбөдүк. | А) көзүн Б) башын<br>В) сүрөтүн Г) үнүн | |
| **23** | Керектүү ____ тез арада табыш керек болгондо, көпчүлүгүбүз ____ пайдаланабыз. | А) маалыматты / интернетти<br>Б) китепти / китепканаларды<br>В) ашкананы / фаст фуд тармагын<br>Г) дарыны / дарыкананы | |
| **24** | Ишиң ____ болуп, сөзүң ____ болсо, эч ким сага ____ тосо албайт. | А) таза / көп / жолтоо<br>Б) бат / уккулуктуу / тоскоол<br>В) шар / жеткиликтүү / боюн<br>Г) ак / так / бут | |
| **25** | Көөкөр – ___ кууш, ___ узун, ___ кенен серги-түүчү суусундук куюла турган улуттук идиш. | А) башы / бели / моюну<br>Б) оозу / моюну / түбү<br>В) түбү / моюну / оозу<br>Г) оозу / кулагы/ түбү | |
| **26** | ___ – дарылык касиетке ээ, ___ пайдалуу көп жылдык өсүмдүк. | А) бака-жалбырак / ден-соолукка<br>Б) бака жалбырак / ден соолукка<br>В) бакажалбырак / денсоолукка<br>Г) бакажалбырак / ден соолукка | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 27 | Сүйлөмдү маанисине ылайык толуктаңыз.<br>_____ , _____ , булар биздин жашообуздагы эң жакын адамдарыбыз. | А) Жоро-жолдош / кыз-кыркын<br>Б) Ата-эне / кошуна-колоң<br>В) Үй-бүлө / ага-тууган<br>Г) Курбу-курдаш / тели-теңтуш | |
| 28 | Макалды толуктаңыз.<br>____ катуу болсо, ____ таттуу болот. | А) Эмгегиң / кылганың<br>Б) Ишиң / тамагың<br>В) Жумушуң / уйкуң<br>Г) Мээнетиң / татканың | |
| 29 | Анан калп эле ___ айта бербей, ишибизди кылалы. | А) аркы-беркини Б) анда-санда<br>В) аз-аздан Г) ары-бери | |
| 30 | Жай келери менен, алар ____ көлгө жөнөшөт. | А) азырынча Б) бүгүнчө<br>В) адатынча Г) жыланча | |
| 31 | Узун кулак үкүлөрдү жолуктуруу кыйын, анткени, алар ____ учпай, ____ учушат. | А) караңгыда / күндүз<br>Б) жазында / кышында<br>В) эртең менен / түштө<br>Г) күндүз / түндө | |
| 32 | Асманда томуктай булут жок, ____ күн суук. | А) анткени Б) анткени менен<br>В) ошондуктан Г) ал эми | |
| 33 | Бүгүн сабакка кечикпей келдим, ____ дептеримди унутуп калыптырмын. | А) себеби Б) анткени<br>В) бирок Г) андыктан | |
| 34 | Сыртта кар жаабаса ___ жылуу кийинүү керек. | А) дагы Б) гана В) эле Г) эң | |
| 35 | Интернет булактары ____ жакын арада аба ырайынын кескин төмөндөшү айтылууда. | А) сыяктуу Б) бою<br>В) карата Г) аркылуу | |
| 36 | ____ , энебиздин ар бир уйкусуз түнүн, агарган ар бир тал чачын, ар бир тамчы ак сүтүн актоого милдеттүүбүз. | А) Чамасы Б) Албетте<br>В) Сыягы Г) Балким | |
| 37 | ____ , смартфондун биздин ден соолугубузга зыян келтирип жатканын ойлонбостон улуу-кичүү дебей жапырт колдонуудабыз. | А) Бактыга жараша Б) Биринчиден<br>В) Тилекке каршы Г) Тескерисинче | |
| 38 | Чоң эне баштыгын колуна кармап, ___ келе жатты. | А) шаркырап Б) бүлбүлдөп<br>В) жылтылдап Г) бүкүрөйүп | |
| 39 | ____ , оптимист деген ушундай болот экен го! | А) Каап Б) Пай-пай<br>В) Ий-ий Г) Ой-ой | |
| 40 | Чагылган ____ этип, жаан ____ жаай баштады. | А) чарт-чурт / шатыр-шутур<br>Б) тарс-турс / шылдыр-шылдыр<br>В) жылт-жылт / балп-балп<br>Г) шалдыр-шулдур / дабыр-дүбүр | |
| 41 | Бул жагымдуу кабарды өзүнүн оозунан ____ жаным жай албайт. | А) көрмөйүнчө Б) билмейинче<br>В) укмайынча Г) сезмейинче | |
| 42 | Чогулгандар Токтогулдун булбулдай мукам үнүн ____ угуп отурушту. | А) наздана Б) тамшана<br>В) жарыша Г) алдана | |
| 43 | Беш бармак үчүн ____ эт, ____ камыр дасторконго келди. | А) майдаланган / куурулган<br>Б) бырчаланган / кесилген<br>В) созулган / басылган<br>Г) тууралган / бышкан | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **44** | Ак кар ___ тоолор кыргыздын ак калпагындай элес калтырат. | А) салган Б) салынган<br>В) баскан Г) жүргөн | |
| **45** | Вегандар – эттен, жумурткадан, ____ , балдан жана башка мал-жандыктарынын эти кошулган азыктардан ____ адамдар. | А) сүт азыктарынан / баш тарткан<br>Б) жашылчалардан / ырахат алган<br>В) сүт азыктарынан / сүйүп тамак жасаган<br>Г) жемиштерден / кооздуктарды жасаган | |
| **46** | Так максат ____, чөйрөнү туура ____, керектүү билим ____ – ийгиликке жетелөөчү негизги кадамдар болуп саналат. | А) берүү / көрүү / берүү<br>Б) коюу / тандоо / алуу<br>В) түзүү / билүү / жазуу<br>Г) айтуу / ээрчитүү / угуу | |
| **47** | Тилекке каршы, сабакта кээ бир окуучулар мугалимди ____, тапшырманы ____ болуп отура беришет. | А) билимиш / көрүмүш<br>Б) көрүмүш / жазамыш<br>В) сезимиш / жазымыш<br>Г) угумуш / аткарымыш | |
| **48** | ____ , алдыда боло турган сынактарды ийгиликтүү тапшырып, каалаган окуу жайга тапшырып алышыңыздарга тилектешпиз! | А) Туугандар Б) Кесиптештер<br>В) Бүтүрүүчүлөр Г) Жашоочулар | |
| **49** | «Кыргыз Республикасынын Эл акыны» деген наам алган акындар _____ : Аалы Токомбаев, Сооронбой Жусуев, Жалил Сыдыков. | А) жогоркулар Б) булар<br>В) бардыгы Г) тигилер | |
| **50** | Тынчтык, достук, бир туугандык – _____ биздин урааныбыз. | А) баары Б) чогуу<br>В) тегиз Г) төмөнкүлөр | |
| **51** | Комуз катуу жыгачтардан – _____ , _____ жасалгандыктан, үнү мукам болот. | А) карагайдан / табылгыдан<br>Б) теректен / арчадан<br>В) өрүктөн / жаңгактан<br>Г) дарактан / кайыңдан | |
| **52** | Мыскал Өмүрканова – ____, _____ – Москвада өткөн декадада «Алымканды» 6 мүнөт созгон. | А) таанымал бийчи / Эл ырчысы<br>Б) белгилүү ырчы / Эл артисти<br>В) тажрыйбалуу комузчу / Эл мугалими<br>Г) таланттуу төкмөчү/ Эл артисти | |
| **Белгиленген сөздөрдүн түрүн белгилеңиз.** | | | |
| **53** | Чыңгыз Айтматов мындай деген: «Адамга эң кыйыны – күн сайын адам болуу». | А) бөтөн сөз Б) кош сөз<br>В) төл сөз Г) кошмок сөз | |
| **54** | Элде мындай сөз бар: «Жигитке жетимиш өнөр аздык кылат». | А) бөтөн сөз Б) кош сөз<br>В) төл сөз Г) кошмок сөз | |
| **55** | Конфуцийдин чоң ийгиликке жетүү үчүн кичинекей мүмкүнчүлүктүн артынан түшүү керек экендиги тууралуу айтканы бар. | А) тике сөз Б) кыйыр сөз<br>В) кош сөз Г) кошмок сөз | |
| Тыныш белгилерин туура коюңуз. | | | |
| **56** | Майрамга карата бак-дарак отургузуп улуулар жаштарга Былтыр бир даракты кыйган болсоң быйыл ордуна он көчөт тик деп акыл-насаатын айтышкан. | А) , : «» , - Б) , «» : , -<br>В) , : «» , , - Г) , : «,» ,- | |
| **57** | Чыңгыз Айтматовдун Биринчи мугалим чыгармасын окубаган адам болбосо керек. | А) «» Б) : «»<br>В) , : Г) ! | |
| **58** | Ата Кесип алса кан чыкпаган дегенди кандай түшүнсө болот<br>Зыкым өтө сараң колунан эч нерсе чыкпаган адамды айтат балам | А) - «» , . - , , . Б) - «» ! - , , .<br>В) - , «» ? - , , , . Г) - «» ; . - , . | |

| **Сүйлөмдү толуктаңыз.** | | | |
|---|---|---|---|
| **59** | Жаздын келиши менен эл _____ баштады. _____ , аба ырайы кескин өзгөрүлүп, суук болуп кетиши да мүмкүн. | А) жука кийине / Себеби<br>Б) жеңил кийине / Бирок<br>В) калың кийине / Ошентип<br>Г) кооз кийине / Ошондуктан | |
| **60** | Башка тилди үйрөнүү – гүл өстүрүү сыяктуу. _____ үйрөнүп жаткан тилде дайыма сүйлөп туруу _____ . _____, багылбаган гүл тез эле соолуп калышы ыктымал. | А) Ошондуктан / керек/ Анткени<br>Б) Себеби / зарыл / Эмнегедир<br>В) Бирок / керек эмес/ Кызы<br>Г) Демек / керек/ Чамасы | |

**1-бөлүмдүн жалпы упайы**

**1-БӨЛҮМДҮН АЯГЫ!!!**

## 2-БӨЛҮМ. ОКУУ ЖАНА ТҮШҮНҮҮ

Текст менен иштөө убактысы – 60 мүнөт. Тапшырмаларды аткарууда сөздүк колдонууга болот. Тапшырмалардын саны – 3 текст жана аларга карата 20 тесттик тапшырма.

**Текстти окуп чыгыңыз.**

### КАРА ЧАЙ МЕНЕН КӨК ЧАЙДЫН АЙЫРМАСЫ

Айрымдар кара чай менен көк чайды эки башка жалбырактан жасалат деген да ойдо жүрүшү мүмкүн. Бирок, алар бир эле жалбырактан чогултулуп, иштетүүдө гана бөлүнөт.

Кара чай кантип пайда болот? Ал табигый шартта, күндүн, шамалдын жана нымдуулуктун негизинде өзгөрүп, кара түскө ээ болот. Ал эми көк чай жашыл кезинде чогултулуп, ачуу ысык бууга кармалып, кычкылдануу процессинде чай көк-жашыл өңдү кармап калат.

Көк чай кара чайга эч окшошпойт. Анын жыты, даамы, өңү да башка. Бирок көпчүлүк адамдарга жөн гана жашыл жалбырак чай жага бербейт жана аны кумшекер кошпой ичишет. Кара чай пайдалуулугу жагынан көк чайга жетпейт. Өз ден соолугунун камын ойлогондор бир гана көк чай ичишет. Көк чайдын өзгөчөлүгү – анда витаминдер жана микроэлементтер, көмүртек, калий, фтор, жез сыяктуу элементтер бар. Көк чайдын мыкты дарылык касиети – аны шишик ооруларын дарылоодо колдонот. Көк чай С витаминине бай жана кан тамырлардын бекем болушуна пайдалуу. Көк чай жүрөк ооруларын алдын алууда жана мээ кан тамыр ооруларын айыктырууда колдонулат. Ошондой эле артериалдык кан басымды басаңдатат. Эгер сасык тумоо кыйнаса, көк чайды колдонуу да пайдасын берет.

Бирок, кара чайдын өзүнүн тийиштүү орду бар. Анда макро, микро жана ультрамикроэлементтик витаминдердин В группасы чайдын өзгөчөлүгүн түзөт. Чайдын жалбырагындагы белоктор менен көмүртектер В витамининин группаларын сактоого жардам берет. Ал тишти жана тиштин бүйлөлөрүн таза сактаган фтор затына ээ болгон сейрек азык зат. Буга байланыштуу демделген чайдын чамасы менен күнүнө бир канча жолу тишти сүртүп туруу кеңеши берилет.

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0/2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Тексттин негизги маанисинин мүнөздөмөсү кайсы? | А) Талдоо, маалымат берүү<br>Б) Баяндоо, ден соолукка кам көрүү<br>В) Үгүттөө, жаратылышты коргоо<br>Г) Изилдөө, маалымат алуу | |
| **2** | Экинчи абзацтагы ой биринчи абзацтагы ойду … . | А) төгүндөп турат Б) далилдеп турат<br>В) чечмелеп турат Г) баяндап турат | |
| **3** | Текст боюнча кайсы ырастоо туура? | А) Кара чайдын даамы, жыты жагымдуу.<br>Б) Көк чай ден соолукка пайдалуу.<br>В) Көк чай өзгөчө шартта өстүрүлөт.<br>Г) Кара чай ичкен адам жүрөк кан-тамыр оорусуна чалдыгат. | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4** | Көк чай кайдан алынат? | А) Бир шартта өстүрүлгөн жалбыракты эки башка иштетүүдөн<br>Б) Түрдүү шартта өстүрүлгөн жалбыракка атайын өң берүүчү боектун кошулуусунан<br>В) Өзгөчө нымдуу жерде өстүрүлгөн жалбырактан алынат<br>Г) Кара жалбырак чайы менен жашыл жалбырак чайын аралаштыруудан | |
| **5** | Кара чайдын көк чайдан айырмасы эмнеде? | А) Даамдары бирдей, өңдөрү гана ар башка.<br>Б) Кара чай көк чайга караганда пайдалуураак.<br>В) Кара чайда В тобундагы витаминдер бар.<br>Г) Кара чай кан басымды төмөндөтөт. | |
| **6** | Текст боюнча кайсы ырастоо туура эмес? | А) Көк чай С витаминине бай.<br>Б) Көк чай дарылык касиетке ээ.<br>В) Көк чай тиш ооруга дары.<br>Г) Көк чай жашыл кезинде чогултулат | |

**Текстти окуп чыгыңыз.**

## Самын

Самын – адамдын жашоосундагы эң зарыл каражаттардын бири. Анын качан жана кантип пайда болгонун баарыбыз эле биле бербесек керек.

Өткөн заманда Мисир падышасы көп меймандарга салтанаттуу той берет. Ашканада иштеген бир кызматкер байкоосуздан жаңы сызгырылган койдун майын очок астындагы күлгө төгүп алат. Падышанын жазалоосунан үрөйү учкан ашпозчу төгүлгөн майды дароо күлгө аралаштырып, бир нече кыш жасап коёт. Андан соң колун жууганда анын ушунчалык таза жуулганына өзү да таң калат. Бул тиги май аралашкан күлдүн касиети болсо керек деп ойлонот. Кийин колу кирдеген сайын ошол кыш менен жууп көрөт да, ырас эле май аралашкан күлдүн тазартуучу касиети бар экендигине ынанат. Өзү менен иштегендерге да тиги кыштан пайдалануу үчүн белекке берет. Алар да колдору демейдегиден тазара түшкөнүн байкашат. Ошондон кийин ал кыштарды ашкана кызматкерлери бети-колун, майлыктарды жууп туруу үчүн пайдалана башташат. Падыша очок башында иштеген кызматкерлеринин өңү-башы өзүнүкүнөн да таза экендигин көрүп таң калат да, сүрүштүрүп жүрүп бул сырдын түйүнүн чечет. Кызматкерге мындай нерседен өзүнө да жасап берүүсүн буюрат. Кызматкер, падыша пайдаланууга ыңгайлуураак болсун деп, койдун майы менен күлдү абдан аралаштырып, чакан кыш калыбына келтирип, шамалга кургатат. Анан падышага: «Муну пайдаланар алдында сууга чылап туруңуз», – деп кеңеш айтат. Ошондон көп узабай мындай кыштар Мисирден Римге, Францияга, Англияга жана башка өлкөлөргө тарайт. Бирок, ошол кездеги адамдар койдун майы менен аралашкан күл колу-бетти кандайча тазартарын билишкен эмес.

Кийинчерээк окумуштуулар бул сырдын түйүнүн чечишип, күлдө натрий кислотасы барын, ал эми койдун майы жумшартуучу касиетке ээ экендигин изилдеп чыгышкан.

Дүйнөдөгү эң биринчи самын жасоочу завод 13-кылымда Англияда курулган. Бүгүнкү күндө самындын ар кандай түрлөрүн: жыпар жыттуусун да, суюк түрүндөгүсүн да табууга болот.

**Тапшырмаларды аткарыңыз.** **Упай 0/2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Тексттин негизги максаты эмне? | А) Ойлоп табуу жөндөмдүүлүк жөнүндө баяндоо<br>Б) Мисирликтердин жашоосун даңазалоо<br>В) Самындын курамы тууралуу изилдөө<br>Г) Самындын тарыхы жөнүндө маалымат берүү | |
| **2** | Тексттеги "үрөйү учкан" деген сөз айкашы кандай мааниде колдонулган? | А) кыжырданган Б) сыймыктанган<br>В) корккон Г) таң калган | |
| **3** | Текстте ашпозчунун кайсы сапаты аныкталып турат? | А) кең пейилдиги Б) ишке тактыгы<br>В) күчтүү эске тутуусу Г) эмгекчилдиги | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| **4** | Тексттеги «чакан» деген сөз самындын эмнесин билдирип турат? | А) формасын Б) көлөмүн<br>В) курамын Г) сапатын | |
| **5** | Тексттин контекстиндеги «ынанат» деген сөз кандай мааниде колдонулган? | А) сезет Б) көнөт<br>В) түшүнөт Г) билет | |
| **6** | Биринчи абзац менен төртүнчү абзацта кандай жалпылыктар бар? | А) Илимий жокко чыгаруу Б) Илимий салыштыруу<br>В) Илимий божомолдоо Г) Илимий тыянактуулук | |
| **7** | Текстке ылайык кайсынысы туура эмес? | А) Койдун майы аралашкан күл тазартуучу касиетке ээ<br>Б) Самын кийинчерээк башка өлкөлөргө да тараган<br>В) Мисирликтер атайын самын кышын ойлоп табышкан<br>Г) Окумуштуулар самындын курамын изилдеп чыгышкан | |
| **8** | Падыша кызматчыларын көрүп кандай эмоцияда болот? | А) кайгырат В) ачууланат<br>Б) таң калат Г) жийиркенет | |
| **9** | Окумуштуулар кандай тыянак чыгарышкан? | А) Самындын курамындагы заттар кирди кетирип, терини жумшартат.<br>Б) Кошулмалар ден соолукка өтө кооптуу, колдонууга тыюу салынат.<br>В) Натрий терини кургатып жибергендиктен, сезимтал териге залакасы көбүрөөк.<br>Г) Самындын курамындагы кошулмалар ар түрдүү тери ооруларын алдын алат. | |

**Текстти окуп чыгыңыз.**

Ой – бул биздин материалдуу дүйнөнү жараткан улуу энергия. Биздин ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүбүз, бизди адам кылып турган эң чоң артыкчылыгыбыз. Бул дүйнөдө биз материалдуу деп эсептеген бардык жасалма нерселер баштапкы абалда ой эле болгон.

Ой адамдын мүнөзүн, көнгөн адаттарын жана ага жараша тагдырын түзөт. Ой – бул адамдын жашоо турмушунун алгачкы себилген үрөнү. Адам өзүнүн аң-сезиминде кандай ойдун үрөнүн сепсе, ошого жараша тагдыр жемишин алат. Мисалы: тикенектин уругу түшкөн жерге эч качан алма же помидор өсүп чыкпайт. Ал жерге сөзсүз тикенек өсүп чыгат. Ал эми гүл айдаган жерге сөзсүз түрдө гүл өсүп чыгат. Бирок, жерге эмне айдалса да, ал каралып, сугарылып, багылып турбаса, себилген нерсе өспөй эле өлүмгө дуушар болот. Ошол сымал адамдын ар бир ою өсүп, жетилип отуруп, анын тагдырын аныктайт. Андыктан, өзүңүздүн тагдырыңызды түзүүдө өзүңүз гана багбансыз.

Ой – бул өтө күчтүү энергия! Ой чындыкты жаратат! Ой биздин жашообузду түзөт! Ошондуктан ар бирибиз ой жүгүртүүбүзгө байкоо жүргүзүп, аны башкара билишибиз керек.

Окумуштуулардын изилдөөлөрү боюнча, биздин аң-сезимибизде бир учурда бир эле ойдун түрү боло алат экен. Демек, негативдүү жана позитивдүү ой бир мезгилде боло албайт. Ошондуктан, ар бир учурда, сиздин аң-сезимиңизде позитивдүү гана ой орун алышына аракет кылыңыз. Анткени, башында айткандай, ар бир ой чындыкка айланат, терспи же оң мүнөздөгү ойбу, айырмасы жок. Ар бир ой өзүнүн жыштыгында таралат. Аалам биздин ойлорго, сезимдерге ар дайым жооп кайтарып турат. Түпкү аң-сезим үчүн "жакшы" же "жаман" деген түшүнүк жашабайт. "Жакшыга" жана "жаманга" биз, адамдар, өзүбүздүн аң-сезимибиз аркылуу жетебиз. Аалам болсо бизден чыккан ойго, сезимдерге жараша гана тиешелүү жоопту берип турат. Биз ааламга кандай ой-сезимди жөнөтсөк, аалам ошого жараша жыйынтыктуу кырдаалды же нерселерди берип турат. Ушуну эч качан эсиңизден чыгарбаңыз. Ошондуктан, сиздин жашооңузда ар дайым позитивдүү ойлор гана

чындыкка айланып туруусуна шарт түзүшүңүз керек! Жакшы ойдун күчү менен кыялыңыздагы жашоону куруңуз!

**Тапшырмаларды аткарыңыз.**

**Упай 0/2**

| | | | |
|---|---|---|---|
| **1** | Текст эмне жөнүндө? | А) позитивдүү ой жүгүртүү жөнүндө<br>Б) ойдун ар түрдүүлүгү жөнүндө<br>В) негативдүү ойдун аң-сезимге келүүсү жөнүндө<br>Г) ойдун күчү жөнүндө | |
| **2** | Текстте автор кимдерге кайрылган? | А) жаштарга Б) улуу муунга<br>В) жалпы адамзатка Г) кызыккандарга | |
| **3** | Тексттеги «багбан» деген сөз кандай мааниде колдонулду? | А) ойду туура көзөмөлдөө, өз жашоосуна жоопкерчилик алуу<br>Б) өз ишин мыкты билүү, ойду башкара билүү<br>В) бакчанын ичин гүлдөтүү, өз жашоосун жакшыртуу<br>Г) ар дайым позитивдүү ойлонуу, жаратылышты сүйүү | |
| **4** | Биринчи абзац менен экинчи абзацтын мазмуну – бул _____. | А) пикирге-пикир кошуу Б) ойду жалпылоо<br>В) тезисти далилдөө Г) ойду төгүндөө | |
| **5** | Тексттен кандай тыянак чыгарууга болот? | А) Негативдүү ойлор адамды дайыма ийгиликке жеткирет.<br>Б) Позитивдүү ойлор – жашообуздун жаркын тараптары.<br>В) Оң жана терс ойлордун бирге жүрүшү закон ченемдүү.<br>Г) Позитивдүү ой жүгүртүүгө жакындарыбыздын таасири чоң. | |
| **2-бөлүмдүн жыйынтык упайы** | | | |

**2-БӨЛҮМДҮН АЯГЫ**

**3-БӨЛҮМ**

**Тапшырмасы менен жат жазуу**

**Сүйлөмдөрдү тексттин мазмунуна ылайык ирети менен жайгаштырыңыз.**

| **Сүйлөмдөр** | **туура жообу** |
|---|---|
| А) Мурда тоо бар болгондугу үчүн чеп курулган эмес. | |
| Б) Кыргызстанды тегерете тоо курчап турат. | |
| В) Мөңгү – кыргыз жеринин баа жеткис байлыгы. | |
| Г) Мөңгү эригенде суу болот. | |
| **3-бөлүмдүн упайы** | |

**ТЕСТТИН АЯГЫ!**